Бекитемин:
Мектеп директору:
М.Ж.Карымшаков

# У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин Олимпиада боюнча Апелляцияны кароо жол-жоболору.

1. Олимпиаданын программасына ылайык, ар бир катышуучу жыйынтыктар жарыялангандан кийин, бир саатын ичинде апелляциялык комиссияга, анын төрагасына өзүнүн иши боюнча коюлган баллга макул эместиги тууралуу арыз менен кайрылууга толук укуктуу.
Арыз менен кайрылган катышуучунун арызында тапшырманын номуру белгиленип, ишти кайра карап чыгууну талап кылат. Катышуучу өзүнүн иши боюнча гана комиссияга даттана алат.
2.Катышуучу апелляция берүүнүн алдында катышуучунун иши Олимпиадалык тапшырмалардын талаптарына, олимпиаданын критерийлерине, методикасына ылайык каралганын, текшерилгендигин карап чыгуусу зарыл.
3.Апелляцияны кароо иши предметтик мугалимдин жана окуучунун катышуусу менен жүргүзүлөт. Эгерде, команда курамында андай болбосо, анда ошол предмет боюнча Олимпиадада болгон көзрандысыз көмөкчү предмет мугалимдеринин ичинен тартылса болот. Аппеляциялык комиссиясынын чечими менен катышуучуга команданын жетекчисинин коштоосунда болууга уруксат бериле алат.
4. Коштоп жүргөн адам апелляциялык комиссиянын ишине кийлигишпейт.
5.Апелляциялык арыз Олимпиаданын жазуу иштери турунун гана жыйынтыктары боюнча каралат. Апелляциялык арызды кароого апелляциялык комиссиянын экиден кем эмес жюри мүчөсү, предмет боюнча жюринин төрагасы катышат.
6.Жюринин төрагасы жюринин коллегиалдуу чечими боюнча баллдардын жалпы санын көбөйтүү, же азайтуу тарабына өзгөртүү укуктуу. Апелляцияны кароо протоколу түзүлүп, баллдарды өзгөртүү себеби жазылат. Протоколго бардык апелляция мүчөлөрү жана катышуучу кол коет. Өзгөртүүлөр Олимпиадананын жалпы жыйынтык протоколуна киргизилет.
7.Катышуучунун жагымсыз жүрүм-туруму (же сабак берген мугалимдин, команда жетекчисинин) байкалса, катышуучу уюштуруу комитети тарабынан Олимпиададан чыгарылат.

26.08.2022-жылдын №1 пед.кеңештин чечими менен кабыл алынды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: А.С.Султанбаева